ISSN 1694-8300 *(print)*
ISSN 1694-8351 *(online)*


# ИИМСИ ЖАРЧЫСЫ

илимий-маалыматтык журналы

http://nimsi.kg

ВЕСТНИК НИМСИ
НАУЧНО-ИНФОРМАЦИОННЫЙ ЖУРНАЛ

SRMSI BULLETIN
SCIENTIFIC-INFORMATION JOURNAL



№2 2021

ISSN 1694-8300 *(print)*
ISSN 1694-8351 *(online)*


# ИИМСИ ЖАРЧЫСЫ

илимий-маалыматтык журналы

ВЕСТНИК НИМСИ
НАУЧНО-ИНФОРМАЦИОННЫЙ ЖУРНАЛ

SRMSI BULLETIN
SCIENTIFIC-INFORMATION JOURNAL

http://nimsi.kg



**№2** 2021

**ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ МЕДИЦИНАЛЫК-СОЦИАЛДЫК ИНСТИТУТУ**

**ИИМСИ ЖАРЧЫСЫ**
**илимий-маалыматтык журналы**

ISSN 1694-8300 *(басма)*
ISSN 1694-8351 *(элект.)*

**ММКнын УЮШТУРУУЧУСУ**
Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Жалал-Абад областык юстиция башкармалыгынан **каттоодон өткөн.**

ММКны каттоо жөнүндө **күбөлүк №10235** 2020-жылдын 20-августу

**РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ**
Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад ш.,
Ленин көчөсү 174.
720900

*E-mail:*
vestnik.nimsi@mail.ru
*web:* www.nimsi.kg

Тел.: +996 3722 52588
Факс: +996 3722 52588

**Мезгилдүүлүгү:**
*Жылына эки жолу*

**Макаланын мазмунуна жана тууралыгына автор жоопкерчиликтүү болот.**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ**

| | |
|---|---|
| Адышева А.А. | хим. илим. канд., доц. |
| Анарбекова В.Э. | тарых илим. канд. |
| Арынбаев Ж.Т. | экон. илим. канд., доц. |
| Ахмедов Э.Ш. | медицинанын PhD д-ру. |
| Бегалиев Ш.С. | фарм. илим. канд. |
| Боржиев У.А. | мед. илим. канд. |
| Ботиров М.Т. | мед. илим. д-ру, проф., Фергана, Өзбекстан |
| Жуманалиева М.Б. | медицинанын PhD д-ру. |
| Жунусов Э.С. | биол. илим. канд. |
| Идирисов А.Б. | мед. илим. канд. |
| Икрамов А.Ф. | мед. илим. д-ру, проф., Андижан, Өзбекстан |
| Канетова Д.Э. | физ.-мат. илим. канд. |
| Мухаммад Ш.Ш. | медицинанын PhD д-ру. |
| Нарбаев М.Р. | физ.-мат. илим. канд. (жооптуу катчы) |
| Ниязметов М.Р. | мед. илим. канд., доц., Ургенч, Өзбекстан |
| Норматова Ш.А. | мед. илим. д-ру, проф., Фергана, Өзбекстан |
| Орозбаева Ж.М. | биол. илим. канд., доц. |
| Орозов Р.Н. | тех. илим. канд., доц. |
| Расулов Х.А. | мед. илим. д-ру, проф., Ташкент, Өзбекстан |
| Сулайманов Ш.А. | мед. илим. д-ру, проф. |
| Тампагаров К.Б. | физ.-мат. илим. д-ру (башкы редактор) |
| Устенова Г.О. | фарм. илим. д-ру, проф., Алма-Ата, Казакстан |
| Худайберганов Н.Ю. | мед. илим. канд., доц., Ургенч, Өзбекстан |
| Шатманов С.Т. | мед. илим. д-ру, проф. |

**НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИЙ МЕДИКО-СОЦИАЛЬНЫЙ ИНСТИТУТ**

**ВЕСТНИК НИМСИ**
**научно-информационный журнал**

ISSN 1694-8300 *(печат.)*
ISSN 1694-8351 *(элек.)*

**УЧРЕДИТЕЛЬ СМИ**
Научно-исследовательский медико-социальный институт

**Зарегистрирован**
в управлении юстиции Жалал-Абадской области министрства Юстиции Кыргызской Республики

Свидетельство о регистрации СМИ
**регистрационный №10235**
20-августа 2020 года

**АДРЕС РЕДАКЦИИ**
720900, Кыргызская Республика,
г. Жалал-Абад,
ул. Ленина, 174

*E-mail:* vestnik.nimsi@mail.ru
*web:* www.nimsi.kg

Тел.: +996 3722 52588
Факс: +996 3722 52588

**Периодичность:**
*Два раза в год*

**Ответсвенность за содержание и достоверность статьи несут авторы.**

## РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ

| | |
|---|---|
| Адышева А.А. | канд. хим. наук, доц. |
| Анарбекова В.Э. | канд. истор. наук |
| Арынбаев Ж.Т. | канд. экон. наук., доц. |
| Ахмедов Э.Ш. | д-р PhD медицины |
| Бегалиев Ш.С. | канд. фарм.наук |
| Боржиев У.А. | канд. мед. наук |
| Ботиров М.Т. | д-р мед.наук, проф., Фергана, Узбекистан |
| Жуманалиева М.Б. | д-р PhD медицины |
| Жунусов Э.С. | канд. биол. наук |
| Идирисов А.Б. | канд. мед. наук |
| Икрамов А.Ф. | д-р мед.наук, проф., Андижан, Узбекистан |
| Канетова Д.Э. | канд. физ.-мат. Наук |
| Мухаммад Ш.Ш. | д-р PhD медицины |
| Нарбаев М.Р. | канд. физ.-мат. наук (ответственный секретарь) |
| Ниязметов М.Р. | канд. мед. наук, доц., Ургенч, Узбекистан |
| Норматова Ш.А. | д-р мед.наук, проф., Фергана, Узбекистан |
| Орозбаева Ж.М. | канд. биол. наук., доц. |
| Орозов Р.Н. | канд. тех. наук., доц. |
| Расулов Х.А. | д-р мед.наук, проф., Ташкент, Узбекистан |
| Сулайманов Ш.А. | д-р мед. наук, проф. |
| Тампагаров К.Б. | д-р физ.-мат. наук (главный редактор) |
| Устенова Г.О. | д-р фарм. наук, проф., Алма-Ата, Казахстан |
| Худайберганов Н.Ю. | канд. мед. наук, доц., Ургенч, Узбекистан |
| Шатманов С.Т. | д-р мед. наук, проф. |

**SCIENTIFIC-RESEARCH MEDICAL-SOCIAL INSTITUTE**

**SRMSI BULLETIN**
**Scientific Information Journal**

ISSN 1694-8300 *(print)*
ISSN 1694-8351 *(online)*

**MASS MEDIA FOUNDER**
Scientific-Research Medical-Social Institute

Registered in the Department of Justice of the Jalal-Abad Region of the ministry of Justice of the Kyrgyz Republic

Mass media registration certificate **registration No.10235** 20-August 2020

**EDITORIAL ADDRESS**
Кыргыз Республикасы, 720900,
Kyrgyz Republic,
Jalal-Abad city,
Lenin str. 174

*E-mail:* vestnik.nimsi@mail.ru
*web:* www.nimsi.kg

Phone: +996 3722 52588
Fax: +996 3722 52588

**Frequency:**
*Twice a year*

**Responsiblity for the content and reliability of articles lies with authors**

**EDITORIAL BOARD**

| | |
|---|---|
| Adysheva A.A. | cand. chemical sciences, docent |
| Anarbekova V.E. | cand. hist. sciences |
| Arynbaev Zh.T. | cand. econom. sciences, docent |
| Akhmedov E.Sh. | PhD in Medicine |
| Begaliev Sh.S. | cand. pharmacy sciences |
| Borzhiev U.A. | cand. med. sciences |
| Botirov M.T. | Dr. med. sciences, prof., Fergana, Uzbekistan |
| Zhumanalieva M.B. | PhD in Medicine |
| Zhunusov N.S. | cand. biol. sciences |
| Idirisov A.B. | cand. med. sciences |
| Ikramov A.F. | Dr. med. sciences, prof., Andijan, Uzbekstan |
| Kanetova D.E. | cand. phys.-math. sciences |
| Muhammad Sh.Sh. | PhD of Medicine |
| Narbaev M.R. | cand. phys.-math. sciences (executive secretary) |
| Niyazmetov M.R. | cand. med. sciences, docent Urgench, Uzbekistan |
| Normatova Sh.A. | Dr. med. sciences, prof., Fergana, Uzbekistan |
| Orozbaeva Zh.M. | cand. biol. sciences, docent |
| Orozov R.N. | cand. those. sciences, docent |
| Rasulov H.A. | Dr. med. sciences, prof., Tashkent, Uzbekistan |
| Sulaimanov Sh.A. | Dr. med. sciences, prof. |
| Tampagarov K.B. | Dr. phys.-math. sciences (editor-in-chief) |
| Ustenova G.O. | Dr. pharm. sciences, prof., Alma-Ata, Kazakhstan |
| Khudoiberganov N.Yu. | cand. med. sciences, docent, Urgench, Uzbekistan |
| Shatmanov S.T. | Dr. med. sciences, prof. |

# М А З М У Н У

## 1. МЕДИЦИНАЛЫК ИЛИМДЕР

**Абдрахманова С.Т., Абдилкасимов А.А.**
БАЛДАРДЫН ЖҮРӨК КАН-ТАМЫР СИСТЕМАСЫНЫН
COVID-19 МЕНЕН ЖАБЫРКАШЫ . . . . . 14

**Адамбаев З.И., Киличев И.А., Худойберганов Н.Ю., Ниязметов М.Р., Болтаева З.О.**
УЛГАЙГАН АДАМДАРДА ОМУРТКАНЫН
ДЕГЕНЕРАТИВДИК-ДИСТРОФИЯЛЫК ООРУЛАРЫНДА
КОНСЕРВАТИВДИК ДАРЫЛООНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА ЭНМГ
КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНҮН ПРОГНОСТИКАЛЫК МААНИСИ
ЖАНА ОКУЯНЫН ПОТЕНЦИАЛЫ . . . . . 20

**Акбаров А.Т., Назаров Ф.Ю., Орозбаева Ж.М.**
ЦИТОКИНДЕР СПЕКТРИНИН ПРОГНОСТИКАЛЫК
МААНИСИ ЖАНА АЛАРДЫН ТАТААЛ ПНЕВМОНИЯ МЕНЕН
COVID-19 ВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯСЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮ . . . . . 28

**Боржиев У.А., Идирисов А.Б., Маткаримов Б.К.**
ГИПЕРТЕНЗИАЛЫК ГЕМОРАГИЯЛЫК ИНСУЛЬТТУК
БЕЙТАПТАРДЫН КАН КУЙУЛГАН УБАКТЫСЫНА, КӨЛӨМҮНӨ,
ЖАЙГАШКАНЫНА, ДИСЛОКАЦИЯНЫН ДАРАЖАСЫНА,
АҢ-СЕЗИМИНИН ДЕҢГЭЭЛИНЕ ЖАРАША ХИРУРГИЯЛЫК ДАРЫЛОО . . . . . 33

**Дусчанов Б.А., Ниязметов М.Р., Матёкубов М.О., Идирисов А.Б.**
МЭЭ КАН ТАМЫР ООРУЛАРЫНЫН МҮНӨЗҮН СИСТЕМАЛУУ
ЧЕЧМЕЛӨӨ ЖАНА АЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУДА ДАРЫГЕРДИН РОЛУ . . . . . 42

**Жуманалиева М.Б., Абайдылдаева Н.Т., Нишанова С.А.**
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН
АРАСЫНДА АНЕМИЯНЫН ТАРАЛУУСУ . . . . . 46

**Исмаилов Н.Н., Арынов З.С., Мирзакулов Д.С., Калматов Р.К., Тойчуев Р.М.**
ГЕМОРРОЙДУН БАШКА ПРОКТОЛОГИЯЛЫК
ООРУЛАР МЕНЕН АЙКАЛЫШЫ ЖАНА ИЧЕГИНИН БИОЦЕНОЗУН
КОРРЕКЦИЯЛОО МЕНЕН АЛАРДЫ ОПЕРАТИВДҮҮ ДАРЫЛОО . . . . . 49

**Каскеев Д.М., Эрботоева Ш.Т., Шаменова А.Я., Таанышбекова А.Т.**
МЭЭ КАН АЙЛАНУУСУНУН ӨНӨКӨТ БУЗУЛГАН ООРУЛАРДЫН
ЗААРА ЧЫГАРУУСУНУН БУЗУЛУШУ . . . . . 57

**Кахаров З.А., Ибрагимова Х.З.**
АНДИЖАН ШААРЫНДАГЫ КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРДЫН
КӨЗ КӨҢДӨЙҮНҮН ПАРАМЕТРЛЕРИНИН ӨСҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ . . . . . 63

**Мадаханов А.А., Мадаханов А.С.**
МЕДИКО-СОЦИАЛДЫК ЖАНА УЮШТУРУУ АСПЕКТТЕРИ,
ЭТИО-ЭКОЛОГИЯЛЫК-ПАТОГЕНЕТИКАЛЫК МАМИЛЕНИ КОЛДОНУУ
АРКЫЛУУ АРАЛ АЙМАГЫНЫН КАЛКЫНЫН ДЕН СООЛУГУН ЧЫҢДОО . . . . . 67

**Насирдинов Ф.Р., Боконбаева С.Д., Сулайманов Ш.А., Джанабилова Г.А., Ким Е.Г., Шайдерова И.Г.**
ЖАҢЫ ТӨРӨЛГӨН ЫМЫРКАЙЛАРДА ВЕНТИЛЯТОР МЕНЕН
БАЙЛАНЫШКАН ПНЕВМОНИЯНЫН ЭТИОСТРУКТУРАСЫНЫН ӨЗГӨРҮШҮ . . . . . 73

**Сулайманов Ш.А., Жуманалиева Ж.А., Курманбаева А.Б.**
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СТУДЕНТТЕР АРАСЫНДА COVID-19 . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81

**Худоярова А.Г., Усманов И.Г., Абдилкасимов А.А.**
АР КАНДАЙ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН АРАЛАШ
ШИЛЕКЕЙИНИН КЫЙМЫЛ АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН АЛКАГЫНДАГЫ
ФУНКЦИОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 86

**Шамсиев Ф.М., Узакова Ш.Б., Атажанов Х.П., Абдилкасимов А.А.**
МУКОВИСЦИДОЗ МЕНЕН ООРУГАН БАЛДАРДЫН
ИММУНДУК АБАЛЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91

**Эсеналиева Ж.А.**
COVID-19 ПАНДЕМИЯСЫ УЧУРУНДАГЫ БАЛДАРДЫН АЛЛЕРГИЯСЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . 97

**Юсупова О.Б., Ниязметов М.Р.**
ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮНҮ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104

## 2. ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

**Абдрасулова С.Ж., Абдрасулова Ж.Ж.**
МЕДИЦИНАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНДАГЫ
МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 106

**Адышева А., Калыкова Г.С., Сулайманова А.Ж.**
МЕДИЦИНАЛЫК ЖОЖДОРДО ХИМИЯНЫ ОКУТУУНУН
ИННОВАЦИЯЛЫК УСУЛДАРЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 112

**Ажыбаева З.А., Ажибаев З.А.**
РЕАЛИЗАЦИЯ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА О ГОСУДАРСТВЕННОМ
ЯЗЫКЕ ТРЕБОВАНИЕ ВРЕМЕНИ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 117

**Айталиева Т.К., Болотбеков К.М.**
1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШҮНҮН
КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 121

**Айталиева Т.К., Болотбеков К.М.**
Ч.АЙТМАТОВ ЖАНА ЭНЕ ТИЛ ТАГДЫРЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 125

**Амираева Л.А.**
КӨРКӨМ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК
ЖОЛДОРУ ЖАНА АНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129

**Анарбаева Г.А.**
РЕПРЕССИЯНЫН КООМГО ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 132

**Анарбаева Г.А.**
“ДИВАНИ ХИКМЕТ” ЖАНА “ДИВАН ЛУГАТАТ-ТҮРК”
ЧЫГАРМАЛАРЫНА ТАРЫХЫЙ АНАЛИЗ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 137

**Арстанбекова Н.Б., Сулайманова А.Ж., Калыкова Г.С.**
ХИМИЯНЫ ГИБРИДДИК ЫКМАДА ОКУТУУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 142

**Калиев А.С.**
ЖУСУП АБДРАХМАНОВ – КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ЛИДЕРИ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 148

**Канетова Д.Э., Арынбаев Ж.Т.**
МЕДИЦИНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР . . . . . . . . . . . 153

**Качыбекова А.К.**
МЕДИЦИНАЛЫК АДИСТИКТЕРДЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ КЕБИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУНУН МААНИСИ . . . . . 158

**Кочкорбаева Л.С.**
ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН ҮЙРӨТҮҮ – АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮНҮН АЧКЫЧЫ . . . . . 162

**Мырзакулова К.Ш.**
АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУНУН ОЮН ЫКМАЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ . . . . . 167

**Надырбаева К.О.**
СҮЙЛӨШҮҮНҮН ЛЕКСИКАЛЫК КОННОТАЦИЯСЫНЫН КӨП КЫРДУУЛУГУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ . . . . . 171

**Раманкулов Ш.М., Шерматова М.Ж.**
И.А.БУНИНДИН “ЧЫНЫГЫ ДҮЙШӨМБҮ” АҢГЕМЕСИН КӨП КЫРДУУ МАДАНИЯТТЫН КОНТЕКСТИНДЕ ОКУП ҮЙРӨНҮҮ . . . . . 182

**Раманкулов Ш.М., Эрмекова Н.А.**
ВЕРБАЛДЫК ЖАНА ВЕРБАЛДЫК ЭМЕС КОММУНИКАЦИЯЛЫК КАРАЖАТТАРЫНЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНҮН АСПЕКТИЛЕРИН ИЗИЛДӨӨ . . . . . 186

**Худоярова А.Г., Арынбаев Ж.Т.**
ЗАМАНБАП МЕДИК-АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО ИННОВАЦИЯЛЫК МАМИЛЕНИН КРИТЕРИЙЛЕРИ . . . . . 191

**Чоротегин Т.К., Анарбекова В.Э.**
КУЛКОЖО АХМЕТ ЯСАВИ МЕНЕН ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭМГЕКТЕРИНДЕГИ ГУМАНИЗМ ИДЕЯЛАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (“ДИВАНИ ХИКМЕТ” ЖАНА “КУТ АЛЧУ БИЛИМ”) . . . . . 197

**Эрмекова Н.А., Раманкулов Ш.М.**
ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ОКУТУУЧУНУН МИЛДЕТТЕРИ . . . . . 201

## 3. ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

**АбдуллаеваМ.Д., Адышева А., Калыкова Г.С., Данияр кызы М.**
ТҮШТҮК АЙМАКТАГЫ ЧОПОЛОРДУН МИНЕРАЛОГИЯЛЫК КУРАМЫН ЖАНА СУУДА ЭРИЧҮҮ ТУЗДАРДЫ САЛЫШТЫРМАЛУУ ИЗИЛДӨӨ . . . . . 206

**Абдыбалиева К.А., Райымкул уулу Ж.**
КАН БАСЫМЫН ӨЛЧӨӨНҮН ФИЗИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИН ИЗИЛДӨӨ . . . . . 213

**Адышева А., Калыкова Г.С., Сулайманова А.Ж.**
АШКАНА КЫЗЫЛЧАСЫНАН БЕТАНИН БОЁКТОРУН АЛУУДА ТЕМПЕРАТУРАНЫН ЖАНА pH ЧӨЙРӨНҮН ТААСИРИ . . . . . 216

**Асанова К.А.**
АРСТАНБАП ЖАҢГАК ТОКОЮУНУН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ АБАЛЫ . . . . . 223

**Жунусов Н.С., Нурдинова Ж.Д.**
АНТРОПЕГЕНДИК КҮЧТӨРДҮН ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРЛЕРИ . . . . . 230

УДК: 947 (575.2): 39:398

# КУЛКОЖО АХМЕТ ЯСАВИ МЕНЕН ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭМГЕКТЕРИНДЕГИ ГУМАНИЗМ ИДЕЯЛАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (“ДИВАНИ ХИКМЕТ” ЖАНА “КУТ АЛЧУ БИЛИМ”)

Чоротегин Т.К.[1], Анарбекова В.Э.[2]
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек ш., Кыргызстан
[2]Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту, Жалал-Абад ш., Кыргызстан

### Аннотация

Кулкожо Ахмет Ясавинин “Дивани хикмет” чыгармасы жана Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” дастанындагы адам жашоо философиясы мазмундук жактан беш аспектиге бөлүнүп каралат. Алар, биринчиден – коомчулуктагы ислам дининин статусу жана мусулман реннесансы; экинчиден – нравалык тарбия; үчүнчүдөн – жашоо философиясы (өмүр менен өлүм), төртүнчүдөн – билим теориясы; бешинчиден – жалпы инсан таануу маселесиндеги гуманизмдин идеялары тууралуу анализденет.

**Ачкыч сөздөр:** Кулкожо Ахмет Ясави, Жусуп Баласагын, гуманизм идеялары, өмүр менен өлүм, исламдын статусу, мусулман реннесансы, суфизм.

# ОТРАЖЕНИЕ ИДЕЙ ГУМАНИЗМА В РАБОТАХ КУЛКОЖО АХМЕТА ЯСАВИ И ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА (“ДИВАНИ ХИКМЕТ” И “КУТ АЛЧУ БИЛИМ”)

Чоротегин Т.К.[1], Анарбекова В.Э.[2]
[1]Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына, г.Бишкек, Кыргызстан
[2]Научно-исследовательский медико-социальный институт, г.Жалал-Абад, Кыргызстан

### Аннотация

Философия человеческой жизни "Дивани Хикмет" Кулкоджо Ахмета Ясави и "Кут алчу билим " Джусупа Баласагына разделены на пять аспектов. Они анализируют, во-первых, статус исламской религии в обществе и мусульманский ренессанс; во-вторых, нравственное воспитание; в-третьих, философию жизни (жизнь и смерть), в-четвертых, теорию знаний; в-пятых, идеи гуманизма в вопросах общей идентичности.

**Ключевые слова:** Кулкожо Ахмет Ясави, Жусуп Баласагын, идеи гуманизма, жизнь и смерть, статус ислама, мусульманский ренессанс, суфизм.

# REFLECTION OF THE IDEAS OF HUMANISM IN THE WORKS OF KULKOJO AHMET YASAWI AND JOSEPH ("WISDOM BOOK" AND "BLESSED KNOWLEDGE")

Chorotegin T.K.[1], Anarbekova V.E.[2]
[1]Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, Bishkek city, Kyrgyzstan
[2]Scientific-Research Medical-Social Institute, Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

### Annotation

The philosophy of human life "Divani Hikmet" by Kulkojo Ahmet Yasawi and "Blessed Knowledge" by Jusup Balasagyn are divided into five aspects. First, the status of Islam in society and the Muslim revival; secondly, moral education; thirdly, the philosophy of life (life and death); fourthly, the theory of knowledge; Fifth, the ideas of humanism in general anthropology are analyzed.

**Keywords:** Kulkojo Ahmet Yasawi, Yusuf Balasagyn, ideas of humanism, life and death, the status of Islam, Muslim revival, Sufism.

Биздин чакан изилдөөбүздө орто кылымда Чыгыш өлкөлөрүнүн мухиттери аталган Кулкожо Ахмет Ясавинин “Дивани хикмет” чыгармасы менен Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” дастанындагы инсан тарбиялоо маселесиндеги гуманизм идеяларынын чагылдырылышы тууралуу салыштырма тарыхый-философиялык анализ берилет. Бул доордо жашаган ойчулдардын идеяларында мусулман реннесансы мыкты сүрөттөлгөн өңүттөн караганда, мактоого татырлык уникалдуу пикирлер айтылган. Мисалы, эки чыгармада тең жараткан Алланы мактоолор менен башталат Ясавиде:

Аалам билди жүрөккө ашыктыкты салганда,
Сен керексиң күнү-түн беш күндүк бул жалганда.
Ашыктыкка толтурду сүйгөндөрдүн жүрөгүн,
Шүгүр кылып Аллага оттой жанып жүрөмүн.
Эки ааламдын мен үчүн эч бир баасы калбады,
Ашыктыкка берилип сүйдүм жалгыз Алланы – деп Алла Таалага болгон сүйүүнү эмоцианалдуу түрдө чагылдырып айтылса. Ал эми Жусуп Баласагында – “Бисмилла рахмани рахим! Кудурети күчтүү улуу Теңирге урмат жана даңк, ал улуулардын улуусу, бүткүл ааламдын падышасы, жерди-көктү жараткан, кыбыр эткен жан-жаныбарларга жан салганда өзү, тилегендин тилегин берген, бардык каалаганын өтөгөн да өзү, көңүлүнө келгени ишке ашкан, каалаганы кабыл болгон, ойлогону орундалган да бир Теңиримдин өзү. Бардык жан-жаныбарлардын улугу, теңиримдин элчиси (Мухаммед тууралуу айтып жатат) – пайгамбарга миң мертебе алкыш, анын жолун жолдоочуларды да Жараткан өзү колдосун” [2, 13] – деп берилет. Бул мусулман дүйнөсүндө ислам дининин статусу тууралуу айтылууда.

Ошондой эле бул макалабызда чыгармаларды мазмундук жактан бөлгөндө биринчи – коомчулуктагы ислам дининин статусу жана мусулман реннесансы; экинчиден – нравалык тарбия; үчүнчүдөн – жашоо философиясы (өмүр менен өлүм), төртүнчүдөн – билим теориясы; бешинчиден – жалпы инсантаануу маселесиндеги гуманизмдин идеялары тууралуу анализденет.

Биринчи маселе боюнча: Карахандар каганатынын негиздөөчүсү Сатук Карахан өлөөр алдында (955-ж. өлгөн) исламды кабыл алат. Анын уулу Байташ Муса 960-ж. исламды мамлекеттик дин катары жарыялаган. Тарыхый маалыматтарга Караганда 960-ж. Теңир-Тоолук 200 миң түтүн түрк тайпалары ислам динин кабылдаган. Ошолордун ичинде Теңир-Тоо, Памир тоолорунун этектеринде, Ысык-Көлдүн жээктеринде, Талас суусунун боюнда жашаган көптөгөн кыргыз уруулары болгон [1, 123].

Ал эми Кулкожо Ахмет Ясави Орто Азияда исламдын жайылуусунда өтө чоң роль ойногон улуу сопу, ойчул жана акын болгон. Кулкожо Ахмет орто кылымдагы түрк тектүү аалымдардын арасынан эң алгачкылардан болуп суфизм агымына тиешелүү өзүнүн диний мектебин негиздей алган. Анын көз караштарынын жана жашоо образынын негизинде суфизм агымында “ясавилик” деген диний жол келип чыккан. Ясавилик адамдарды напсини теске салып, жан дүйнөнү тазалоо менен жараткан Аллага жакындоого үндөгөн бир диний жол болгон. Демек, Орто Азия калкында ислам дини таркай баштаган доорго жашоосу туура келген аалымдардын пикири ислам дининин статусу коомчулукта белгилүү орунду ээлегендигинен кабар бергендиги жогоруда келтирилген мисалдар далилдөөдө.

Экинчиден – нравалык тарбияда, Кулкожо Ахмет Ясавинин “Дивани Хикмет” чыгармасынын 1-хикметинде:

Эстүү болсоң, карыптардын дилин бийле,
Мустафадай эл-жер кезип жетим изде.
Акмак менен дүнүйө корго моюн бербе,
Моюн бербей алп дайрадай таштым мына [4, 292]

Жетим-жесир, карыптардын көңүлүн ал,
Зикир айтып азиз жаның курбандык чал.
Мейман кылгын өзүңдү өзүң татытып бал,
Актан угуп бул сөздөрдү айттым мына [4, 293] – деген саптарда инсандын социалдык абалы сүрөттөлүп, жетим-жесир, карып-мискенге жардам колуңу соз. Дүнүйө пороздордон кач, мамиле кылба, акыл-эстүүлүк менен маселени чече бил деген нравалык тарбияга үндөөдө. Ал эми "Кутту билим" дастанында болсо:
Сиңер жерге суу төк,
Иштер кишиге кеп айт.
Жакшынын сөзү көзүңдү ачат,
Жамандын сөзүнөн кутуң качат.

Адилет атка мингизет,
Ачкөздүк көргө киргизет.
Ырыс, дөөлөт-төрдө ойногон эгиз уул,
Касиет карын тойгузат,
Анан касиеттүү чапан жабат [3, 5] – деген саптарда дагы жакшы жаман, ырыскы менен ачкөздүктү таасын сүрөттөп, адам баласы барга-жокго топук кылып жашоо керектигин айтууда.

Үчүнчү – жашоо философиясы (өмүр менен өлүм) маселесинде"Дивани Хикмет" чыгармасында:
Жаназамды окуп туруп ташбараң кыл,
Аягымдан сүйрөп барып көлгө тыктыр.
Акка таазим кылбады деп токмоктоп ур,
Шо себептен Акка сыйынып келдим мына [3, 300] – дегенде жашоонун аякташы тууралуу айтылууда.
Баары бир ажал кетет көргө соруп,
Муңканып олөрүңдө турсаң дагы!
Билинбей, бары-жогу канча жатат,
Жер алдыда жок болуп, жетпей санак.
Канча турлүү жан болду, ойлоп көрсөң,
Баарын жеди кара жер, тойбос экен!
Ээлери ордолордун, сарайлардын,
Жай кылышты канчасы жердин алдын! [2, 455] – ыр саптарында өмүрдүн токтоп калгандыгын сүрөттөөдө. Ал эми эки чыгармада тең жарык дүйнөгө жаралып калгандын өзү улуу философия экендиги бирдей мааниде баяндалат да, Аллага чексиз шүгүр келтирилет. Мисалы, Баласагында Айтолдунун Ээликке айткан жообунда "Белгилүү да төрөлгөнгө – өлүм бар... Кайгырба, кейибегин мен кетемин, Төрөлгөн – өлбөйт десе – ишенбегин "

Төртүнчүдөн – билим теориясында "Кут алчу билим" дастанында:
Акыл кайда болсо – улуулук толор,
Билим кимде болсо – билик болор.
Акылы болсо, пайдасын эл көп көрөр,
Билим билсе, азиз тирилик өткөрөр – адамдагы бийиктик, касиет биликте болорун кут китеби айткандай, элибиз оозеки сакталып келаткан: "Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат" деген накылдардын өзөгү бир.
Төрдөн орун тийген болсо наадaнга,
Улагада калганыңа арданба,
А акылман улагада калса эгер,

Анда улага ардактуу деп биле бер [2, 8] – деген саптарда билим теориясын кут аркылуу туюндурууда. Ушундай эле концепция “Дивани хикмет” чыгармасында жаратканга ыраазычылык айтуу түрүндө, диний билим алгандыгы тууралуу берилген.

Эй, досторум, жашым жетти жыйырма үчкө,
Кылган бардык ибадатым болду күчкө.
Не кыламын ибадатта сурак түшсө?
Шо себептен Акка сыйынып келдим мына [4, 300].

Бешинчиден – жалпы инсантаануу маселесиндеги гуманизмдин идеялары тууралуу Жусуп Баласагын өз дастанында мындайча эскерет:

Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.
Кут бир конот – бакпасаң кетип калат,
Бак бир келет – үйлөсөң өчүп калат [2, 9].

Накыл сөздөрдү калтырган бабалар акыл-насааттын кут илими катары бизге жеткендиги чоң бакыт. Мындан улам “Бактысыздан кут качат”, “Жашыңда – мээнет, карыганда – дөөлөт”, “Кутту үйдөн шам жанат”, “Кут илимге эшик ачат” деген накыл сөздөрдүн философиялык мааниси чоң. Ал эми Ахмет Ясавиде болсо мындайча сүрөттөлөт:

Көздөрүмөн кан төгүлүп жыргабадым,
Пир-эшенге кызмат кылбай жагалбайсың.
Таза болбой Ак жолуна баралбайсың,
Мекени жок Актан сабак алдым мына [4, 320].

Автор бул ыр саптарында өзүнүн жеке жашоосу аркылуу начар адамдардын таасирине көп эле жолу кабылганын бир сап аркылуу баяндап, бирок жаратканга ар дайым ишенүүгө болоорун айтуу менен дин аркылуу инсаниятты гуманизмге тарбиялоону баяндоодо.

Демек, эки чыгармада тең коомдогу оң жана терс көрүнүштөрдү акыл-насаат аркылуу инсанды гумандуулукка тарбиялоо керектигин жеткиликтүү ыр саптары менен баяндашкан. Жусуп Баласагында реалдуу философиялык мааниде айтылса, ал эми Кулкожо Ахмет Ясавидединий көз караштар аркылуу чагылдырылган.

## Шилтемелер


1. Асанканов А., Осмонов О.Ж. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейин). – Бишкек, 2003.
2. Жусуп Баласагын. Кутту Билим. \ которгон Козубеков Т.-Бишкек, 2015.
3. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. – Бишкек, 1998.
4. Эрматов Э. Чыгыш адабияты. Хикметтер. 5-том. – Б.: Бийиктик, 2011.